«Бекитемин»

Мектеп директору: Жанчаров А.

13.09.2021.

**“COVID-19” пандемия шартында Ы.Акылбеков атындагы №21 жалпы орто билим берүүчү мектебинде окуу процессин уюштуруу боюнча**

**Жобо**

**1.Окуу процессин пандемия шартында пландоо.**

1.1.Мектептеги жалпы жамаат “COVID-19”га каршы эмдөө курсунан ыктыярдуу негизде өтүү.

1.2. Социалдык аралыкты камсыздоо максатында мектептеги күн тартибин иштеп чыгуу жана аны бекитүүнүсунуштоо ( сабактардын, тыныгуулардын, тамактануунун ийкемдүү ырааттамасы).

1.3. Эпидемиялык кырдаалга жараша календарлык,тематикалык пландоо, өзгөчо каникулдарды жана экзамендерди пландоо.

1.4. Достор,классташтар менен баарлашууда бир метрден кем эмес аралыкты сактоону сунуштоо.

1.5. Медициналык беткаптарды колдонууну сунуштоо, ошондой эле окуу процесси учурунда бет кап режимин сактоону сунуштоо.

**2.”COVID-19” пандемиясы учурунда нускаманын негизинде окуу-тарбиялоо процессин уюштуруу.**

2.1. “COVID-19” пандемиясына байланыштуу карантин учурунда жана карантинден кийин мектептеги инфекцияны алдын алуу жана инфекциялык көзөмөл принцептерине негизделип, мектептердин коопсуз иштөө шарттарын даярдоо жана камсыздоо.

2.2. “COVID-19” пандемиясы учурунда окутуу программаларын ишке ашырууда мектеп окуучуларынын жана кызматкерлердин эпидемиологиялык коопсуздугуна байланыштуу маселелерди чечүү.

2.3. Окуу процессин жаңы шарттарга жана талаптарга ыңгайлаштыруу жана окуучулардын жана кызматкерлердин эпидемиологиялык коопсуздугуна байланыштуу маселелерди чечүү.

2.4. Мектептердин ишин калыбына келтирүү жана “COVID-19”дун алкагында саламаттык сактоону жалпы чараларына ылайык келиши керек, ошол эле учурда окуучулардын, персоналдын, мугалимдердин жана алардын үй-бүлөлөрүнүн коопсуздугун камсыздоо жана ден соолугун коргоо боюнча бардык чараларды көрүү.

2.5. Мектеп шарттарында “COVID-19”дун потенциалдуу жайылуусун алдын алуу үчүн балдарды коргоо.Вирустун таасирине кабылышы мүмкүн болгон окуучуларды жана кызматкерлерди өз убагында аныктоо, обочолонтуу жана сигматизацияны (басмырлоону) алдын алууга даяр болуусун камсыздоо боюнча да чараларды көрүү.

**3.Окуу процессин калыбына келтирүүнүн уюштуруу шарттары.**

3.1.Мектептерде окуу процессин калыбына келтирген убактысын баланын эң жакшы кызыкчылыктарын эске алуу менен аныктоо .

Чечимдерди кабыл алуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ооруулардын алдын алуу боюнча территориалдык борборлор жана Мамлекеттик санитардык –эпидемиологиялык къзъмъл менен биргеликте эпидемиологиялык кырдаалга жана мектептердин санитардык эрежелерди жана ченемдерди аткара алуу мүмкүнчүлүкторүнө негизделип ишке ашырылуусу зарыл .

3.2.Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын бардык кызматкерлери «COVID-19» га каршы эмдөө курсунан ыктыярдуу негизде өтүү.

**4.Мектептин администрациясына төмөнкүлөр зарыл:**

4.1.Коопсуздук боюнча кеңеш окуучулар жана персонал чейин жайлуу билим берүү чөйрөсүн сактоо боюнча Координатор болуп дайындалсын. (КР БИМдин 2019-жылдын 31-июлундагы №928/1 буйругу) ; Кеңештин курамына мектептин администрациясынын мүчөлөрү , педагогдор ,ата-энелердин кириши керек.

Коопсуздук боюнча кеңештин ролу мектепте « COVID-19» жайылышынын тобокелдиктерин баалоо, окуу процессин уюштурууну кайрадан карап чыгуу боюнча сунуштарду иштеп чыгуу, аярлуу топторду аныктоо , билим берүү процессинин бардык катышуучуларына маалымдоо, кошумча каражаттарды тартуу жана башка болушу мүмкүн.

4.2.Спецификалык пландарды жана керектүү материалдарды сатып алуу аркылуу мектепте эпидемияга каршы жана санитардык- гигиеналык ченемдерди жана эрежелерди сактоо чейин, ошондой эле аталган пландардын аткарылышына маниторинг жүргүзүү чейин бардык шарттарды түзүү. Ошол эле учурда дезинфекциялоочу каражаттар менен камсыздоо маселесин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен биргеликте чечүү.

4.3.Аракеттеги санитардык ченемдерге жана эрежелерге ылайык мектепте ичүүчү суунун болушун камсыздоо .

4.4 Ашканага жана ажатканага кирүүчү жана чыгуучу жерлерде самын жана суу менен кол жуу чейин жайларды даярдоо жана камсыздоо.

4.5.Эркек балдар жана кыздар чейин иштөөчү санитардык түйүндөрдүн болушун, кол жуу үчүн самындын болушун камсыздоо

4.6.Окуу кабинеттерин , мектептин жайларын жана синитардык түйүндөрдү тазалоо жана дезинфекциялоо пландарын иштеп чыгуу , аны катуу сактоо жана анын аткарылышына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү.

4.7.Социалдык аралыкты камсыздоо максатында мектептеги күн тартибин иштеп чыгууну жана бекитүүнү сунуштоо (сабактардын ,тыныгуулардын, тамактануунун ыраатгамасы);

-кирүүчү чыгуучу жерлерде окуучулардын топтолуусун болтурбоо үчүн алардын келүү-кетүү графигин иштеп чыгуу;

-башталгыч жана орто мектептин окуучуларын топтолуусун болтурбоо максатында алар үчүн мектепке кирүүнү жана чыгууну өзүнчө уюштуруу, ошндой эле алар үчүн сабактарды ар кандай кабаттарда рекреацияларда, корпустарда жана башка жайларды уюштуруу;

-окуучулардын жана персоналдын контактсыз саламдашуусун сактоосун камсыздоо сабак учурунда парталарды, столдорду жана башка эмеректи тиешелүү түрдө жайгаштыруу менен туура отургузууну кароо;

-ар бир класс үчүн балдар атайын жабдууларды талап кылган предметтерден тышкары баардык предметтер боюнча сабак өтө турган өзүнчө окуу кабинетин бекитүү;

-массалык иш-чараларды (концерттер, чогулуштар.майрамдоолор ж.б.) өткөрүүгө тыюу салуу.

4.8.Билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын (администрация, педагогдор,окуучулар, техникалык персонол,ата-энелер)беткап тагынууну сактоосун камсыздоо , ошндой эле аларды беткапты тагынуу жана утилизациялоо эрежелерине үйрөтүү. Медициналык беткаптарды колдонуу

4.9.Тазалоочу дезинфекциялоочу каражаттар менен контакт кылуучуу техникалык персонал үчүн кошумча ИИК терди сатып алууну кароо .

4.10.Вирустун мектепке сырттан кирип келүүсү жана балдардын персоналдын жугузуп алуусун алдын алуу максатында «кирүү фильтрлери» практикасын ишке киргизүү зарыл. Журнал түзүп, ага дене температурасын нормалдуу көрсөткүчтөн жогору (37 жана андан жогору температура) болгон балдардын , педагогдордун , административдик жана техникалык персоналдын маалыматтарын киргизүү.

4.11. Оорунун белгилери болгон окуучуларды кызматкерлерди окуудан жана иштен убактылуу четтетүү менен дароо обочолонтуу боюнча планды иштеп чыгуу .Бардык кызматкерлерге оорунун белгилери болгон учурда жетекчилекке маалымдоо жана ишке чыгуудан өзүн токтотуу зарылдыгы жөнүндө көрсөтмө берүү.

4.12 Ата –энелердин, аларды алмаштыруучу адамдардын жана башка адамдардын мектепке келүүсүнүн санын чектөө.

4.13.Айылда жана шаарда эпидемиологиялык абал начарлаган учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ооруларды алдын алуунун территориалдык органдары жана мамлекеттик санитардык- эпидемиологиялык көзөмөл менен биргеликте ыкчам тартипте коронавирус инфекциясынын жайылышына жол бербөө боюнча,аралыктан билим берүү формасына өтүүгө чейин чараларды көрүү .

4.14.Санитардык-гигиеналык жана эпидемияга каршы эрежелерди жана ченемдерди сактоо боюнча жалпы персоналдык окутууну уюштуруу .Техникалык перцонал ага кошумча алдын алуучу дезинфекциялык иш- чараларды өткөрүүнүн эрежелерине өткөрүлүшү керек

4.15.Кызматкерлерден жана окуучулардан жеке гигиенанын эрежелерин катуу сактоосун талап кылуу (колду тез-тезден жууп туруу , бет каптарды тагынуу ж.б. )

4.16.Ишке келбей калган персоналдын ордун альтернативдүү алмаштыруу үчүн планды иштеп чыгуу.

4.17. Эпидемиологиялык кырдаалга жараша календардык-тематикалык планда мүмкүн болуучу өзгөрүүлөрдү эске алуу менен окуу программасын пландоо, өзгөчө каникулдарды жана экзамендерди пландоо

4.18. Окуучулардын жана персонолдуулардын келбей калган күндөрүнүн санына байкоо жүргүзүү үчүн мектепке келүү боюнча күн сайын мониторинг жүргүзүү.

4.19. «COVID-19»алдын алуу боюнча окуучулардын жана персоналды синитардык агартууну максаттуу түрдө жүргүзүү.

4.20. Окуучуларга , персоналга жана ата-энелерге психологиялык колдоо көрсөтүү кызматын уюштуруу . Аярлуу топтордогу балдарга колдоо көрсөтүүнү кароо (билим берүүдөгү өзгөчо керектүүлөрү бар балдар , майып балдар)

4.21.Окуучулар, мугалимдер жана ата-энелер үчүн тиешелүү кызматтардин телефон номерлери менен маалыматтык стендди уюштуруу . Санитардык – гигиеналык режимди сактоо маалыматтык материалдарды имараттын кабаттарында кабинеттеринде ,ашканада, китепканада ж.б. жайларда жайгаштыруу.

## 5.Мектептердеги окутуу процессин уюштурууда педагогикалык персоналга төмөнкүлөр зарыл.

5.1. Жеке гигиенаны сактоо жана сергек жашоо мүнөзү көндүмдөрүн

калыптандыруу боюнча (колду канчалык тез жана туура жууш керек, респиратордук этикетти кантип сактоо керек, дене табын өлчөө беткапты тагынуу, жайларды желдетүү жана дезинфекциялоо сыяктуу чаралар окуучулардын өзүнүн, ошондой эле мугалимдердин,ата-энелердин жана айланадагы бардык адамдардын ден- соолугун сактоого жардам бере тургандыгы тууралуу) тарбиялык иштерди жүргүзүү.

5.2. Окуучулардын физикалык аралыкты жана жеке гигиенаны сактоо эрежелерин аткаруусуна мониторинг жүргүзүү.

5.3. Ар бир сабактан кийин, окуучулар бөлмөдө болбогон учурда класстык жайларды өтмө желдетүүнү комсыздоо

5.4.Аярлуу топтордон окуучулардын окуудагы боштуктарын аныктоо (билим берүүдөгү өзгөчө керектөөлөрү бар балдар, анын ичинде майып балдар) жана жеке педагогикалык колдоо көрсөтүү.

5.5Окуу программаларын өздөштүрүүдө жетишпей жаткан үчүн иштөө планын иштеп чыгуу жана бекитүү.

5.6. Окуучулар үчүн класстык сааттарды жана гигиенаны сактоо боюнча ден- соолук мүнөтүн өткөрүү.

## 6. Тамак-аш блогунун кызматкерлерине төмөнкүлөр зарыл:

6.1. Тамактануу столдорун жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен тазаланууну тамактанганга жана тамактангандан кийин камсыздоо.

6.2.Ашкана жана тамак-аш идиштерин, ашкана приборлорун ар бир кезектеги колдонуудан кийин дезинфекциялоочу эритиндиге салуу жана андан кийин жууп тазалоо жана кургатуу жолу менен дезинфекцияланышын камсыздоо, же болбосо температуралык режимди сактоо менен идиш жуучу машиналарда жууп тазалоо.

6.3. Тамак- аш блогунун персоналынын ишин жеке коргонуу каражаттарын колдонуу менен уюштуруу ( беткаптар жана колкаптар).

6.4. Бир жолу колдонулуучу же индивидуалдуу идишти камсыздоо маселесине, ошондой эле кулерлердин жана дозаторлордун тазаланышына өзгөчө көңүл буруу менен ичүүчү режимди уюштуруу көзөмөлдү күчөтүү.

6.5Мектептеги тамактанууну уюштуруу боюнча бардык белгиленген эрежелерди катуу сактоо.

## 7. Техникалык персоналга төмөнкүлөр зарыл:

7.1Уюмдун ачылышына чейин вирустук режим боюнча дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен имараттарды генералдык тазалоону жүргүзүү.

7.2 Нөөмөттөрдүн ортосунда сууну, самынды жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги уруксат берген дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен нымдуу тазалоону жүргүзүү.

7.3. Дезинфекциялоочу эритиндилерди өндүрүүчүнүн нускамасына ылайык маркерленген идиштерде эритиндини даярдоо датасын көрсөтүү менен даярдоо. Дезинфекциялоочу жана жуучу каражаттарды жана алардын колдонулуучу эритиндилерин окуучулар жетпеген жерде сактоо.

7.4.Танапистик(динамикалык тыныгуулардын) учурунда жана иш күнүнүн аягында имараттарды учурда дезинфекциялоону жүргүзүү(жумушчу орундардын бетин, полду эшиктин туткаларын, тамак-аш блокторунун имараттарын,эмеректерди,санитардык түйүндөрдү ,крандардын вентилдерин, унитаз бочокторунун баскычтарын тазалоо).Дезинфекциялоочу каражаттарды вирустук инфекциялар үчүн өндүрүүчүнүн нускамаларына ылайык концентрацияларда колдонуу.

7.5.Генералдык тазалоону жумасына бир жолудан кем эмес жүргүзүү.

7.6. Имараттарды тазалоону тезерелерди же форточкаларды ачуу менен жүргүзүү. Көп булгануучу нерселердин бетин(эшиктердин, шкафтардын туткаларын,подоконниктерди,электр өчүргүчтөрүн,катуу эмеректерди ж.б.) жана чаң чогулган жерлерди(плинтустардын жанындагы жана эмеректин астындагы полдорду, радиаторлорду, жарыктандыруучу приборлордун арматурасын, вентиляциялоочу решеткаларды ж.б. кылдат тазалоо.

7.7. Ажаткана үчүн тазалоочу инвентарды (ветошту, чакаларды, щеткаларды) ачык түстөгү оң менен маркировкалоо жана атайын шкафта же өзүнчө бөлүнүп берилген жерде сактоо. Бардык тазалоочу инвентарды колдонгондон кийин жуучу каражаттар менен ысык сууда жууп тазалоо жана кургатуу.

## 8.Ата-энелерге жана аларды алмаштыруучу адамдарга төмөнкүлөр зарыл:

8.1.Вирустарды жокко чыгаруу үчүн столдордун бетин,эшиктин туткаларын, стулдарды, гаджеттерди ж.б. тиричилик тазалоо каражаттарды колдонуу менен тазалоо жана дайыма дезинфекциялоо.

8.2.Балдарга колду самын менен тез-тез жууну же антисептиктер менен тазалоого үйрөтүү, өзгөчө ажатканага баргандан кийин.

8.3.Сергек жашоо режимин сактоо, анын ичинде толук кандуу уйку;белокторго, витаминдерге жана минералдык заттарга бай азык-түлүктөрдү колдонуу; физикалык активдүүлүк.

8.4.Зарылчылыгы жок барып келүүлөрдөн жана көп адам чогулган жерлерге баруудан баш тартуу, ошентип ооруп калуу тобокелдигин төмөндөтүү.

8.5.Эгерде мүмкүнчүлүк болсо, балдарды мектепке жеке транспорт менен алып баруу жана алып келүү.

8.6.Ооруп калуу тобокелдигин төмөндөтүү үчүн медициналык беткаптарды колдонуу:

8.7. Жөтөлүп, чүчкүрүп жатканда бир жолу колдонулуучу салфетка менен оозду жана мурунду жабуу,аны колдонгондон кийин дароо ыргытуу.

8.8. Мектепке барууда бири-биринен 1 метрден кем эмес аралыкты сактоо.

Балдарды мүмкүнчүлүккө жараша медициналык беткаптар,антисептиктер, ичүүчү суу, индивидуалдык идиш менен камсыздоо.

## 9.Беткапты тагынуунун эрежелери

9.1.Оору жугузуп алуудан өзүн коргоо үчүн беткапты туура тагынуу абдан маанилүү.

-беткап жакшы бекитилип,оозду жана мурунду жылчык калтырбастан толук жабышы керек:

- беткапты чечүүдө анын сыртын кармабаганга аракет кылуу,эгерде кол тийип кетсе, колду самын менен же спирт камтыган каражат менен жакшылап жууш керек;

-ным болуп калган беткапты жаңы,кургак беткапка алмаштыруу зарыл;

-бир жолу колдонулуучу беткапты экинчи жолу колдонууга болбойт;

-бир жолу колдонулуучу беткапты дароо таштандыга ыргытуу керек.

Беткап тагынуу эгерде сиз адамдар көп чогулган жерде,коомдук транспортто болсоңуз,ошондой эле ооруган адамды баккан учурда орундуу, бирок ачык абада максатка ылайыксыз.

Сыртта жүргөн учурда таза аба менен дем алган пайдалуу жана беткап тагынуунун кереги жок.

Аны менен бирге медиктер мындай бир жолку чара оорудан толугу менен коргонууну камсыздабайт деп эскертишет. Беткапты тагынуудан тышкары башка алдын алуучу чараларды сактоо зарыл. Окуу процесси учурунда беткап режимин сактоо сунушталат.

9.2.Жөтөлүп же чүчкүрүп жатканда оозду жана мурунду чыканак же бир жолу колдонулуучу салфетка менен жабуу, колдонулган салфетканы таштанды үчүн чакага ыргытуужана колду таза жуу.

9.3. Кол менен көздү, мурунду же оозду кармабаганга аракет кылуу.

9.4. Көп адам чогулган жерлерге баруудан баш тартуу.

9.5.Ичүү үчүн жеке идишти колдонуу –инфекциялык оорулардын жайылышын болтурбоо үчүн бир жолу колдонулуучу идишти же жеке идишти колдонуу.

«Бекитемин»

Мектеп директору: Жанчаров А.

15.09.2021.

«COVID-19» пандемия шартында билим берүү процессин жүргүзүү боюнча Ы.Акылбеков атындагы №21 жалпы орто билим берүүчү мектебинде түзүлгөн иш план.

| № | Иш пландын мазмуну | Мөөнөтү | Ким жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим Министирлигинин №15,23\1.10.09.2021-ж, Саламаттыкты сактоо жана социалдык өнүктүрүү министирлигинин 10.09.2021-ж №1256-буйруктарын аткаруу боюнча иш чара түзүү. Нускаманы жетекчиликке алуу. | 15.09.2021-ж | Ден-соолук комитети Курманалиева Ж. |
| 2 | "Covid-19"га каршы эмдөө курсунан ыктыярдуу өтүү. | Жалпы жамаат. | 2021-жыл Сентябрь. |
| 3 | Социалдык аралыкты (1,5 метр) камсыздоо максатында мектептеги күн тартибин иштеп чыгуу жана бекитүү(сабактардын,тыныгуулардын,тамактануунун ийкемдүү ыраатгамасы). | 15.09.2021-ж | Мектеп жетекчилиги,ден соолук комитети,кл. жетекчилер |
| | -кирүүчү жана чыгуучу жерлерде окуучулардын топтолуусун болтурбоо үчүн алардын келүү-кетүү графигин иштеп чыгуу; | | |
| | -башталгыч жана орто мектептин окуучуларынын топтолуусун болтурбоо үчүн алардын келүү-кетүү графигин иштеп чыгуу; | | |
| | -башталгыч жана орто мектептин окуучуларынын топтолуусун болтурбоо максатында алар үчүн мектепке кирүүнү жана чыгууну өзүнчө уюштуруу, ошондой эле алар үчүн сабактарды ар кандай кабаттарда, реакциаларда, корпустарда жана башка жайларда уюштуруу; | | |
| | -окуучулардын жана персоналдардын | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | контактсыз саламдашуусун сактоосун камсыздоосун; | | |
| | -сабак учурунда парталарды, столдорду жана башка эмеректи тиешелүү түрдө жайгаштыруу менен туура отургузууну кароо; | | |
| | -ар бир класс үчүн балдар атайын жабдууларды талап кылган предметтерден тышкары, бардык предметтер боюнча сабак өтүүрган өзүнчө окуу кабинетин бекитүү; | | |
| | -массалык иш чараларды (концертте, чогулуштар,майрамдоолор ж.б) өткөрүүгө тыюу салуу | | |
| 4 | Билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын (адмиминистрация, педагогдор, окуучулар техникалык персонал, ата-эналер ) бет кап тагуунууну камсыздоо, ошондой эле аларды беткапты тагынуу жана утилизациялоо эрежелерине үйрөтүү .Медициналык беткаптарды колдонуу. | Ар дайым . | Мектеп жетекчилиги . Жалпы жамаат. |
| 5 | Тазалоочу жана дезинфекциялоочу каражаттар мене контакты кылуучу техникалык персонал үчүн кошумча ИИК терди сатып алууну кароо. | Ар дайым. | Уюштуруучу. Дөөлөтова Г.. |
| 6 | Вирустун мектепке сырттан кирип кетүүсү жана балдардын персоналдын жугузуп алуусун алдын алуу максатында "кирүү фильтирлери" практикасын ишке киргизүү зарыл. Журнал түзүп, ага дене температурасы нормалдуу көрсөткүчтөн жогору (37 жана андан жогору температура) болгон балдардын, педогогдордун, административдик жана техникалык персоналдын мааламаттарын киргизүү. | АР дайым. | Уюштуруучу Дөөлөтова Г.. |
| 7. | Оорунун белгилери болгон окуучуларды жана кызматкерлерди окуудан жана иштен убактылуу четтетүү менен дароо обочолонтуу боюнча планды иштеп чыгуу.Бардык кызматкерлерге оорунун белгилери болгон учурда жетекчиликке маалымдоо жана ишке чыгуудан өзүн токтотуу зарылдыгы жөнүндө түшүндүрүү иштерине жүргүзүү. | Ар дайым. | Мед. кызматкер. Ден-соолук комитети. |
| 8. | Ата-энелердин , аларды алмаштыруучу адамдардын жана башка адамдардын мектепке келүүсүнүн санын чектөө. | Ар дайым. | Мектеп жетекчилиги. |
| 9. | Санитардык-гигиена жана эпидемияга каршы эрежелерди жана ченемдердин сактоо боюнча жалпы персоналды окутууну уюштуруу . | Ар дайым. | Уюштуруучу . |
| 10 | Кызматкерден жана окуучулардан жеке гигиенанын эрежелери катуу сактоосун талап | | Мектеп жетекчилиги. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | кылуу (колду тез-тезден жууп туруу, беткаптарды тагынуу ж.б ) | Ар дайым. | |
| 11 | Ишке келбей калган персоналдын ордун альтернативдүү алмаштыруу үчүн планды иштеп чыгуу | Ар дайым. | Уюуштуруучу. |
| 12 | Эпидемиологиялык кырдаалга жараша календардык- тематикалык планда мүмкүн болуучу өзгөрүүлөрдү эске алуу менен окуу прогрммасын пландоо , өзгөчө каникулдарды жана экзамендерди пландоодо . | Ар дайым. | Окуу бөлүмүнүн башчысы. |
| 13 | Окуучулардын жана персоналдардын келбей калган күндөрүнүн санына байкоо жүргүзүү үчүн мектепке келүү боюнча күн сайын байкоо жүргүзүү | Ар дайым. | Уютуруучу.<br>Ден- соолук камитети. |
| 14 | "COVID-19" алдын алуу боюнча окуучуларды жана персоналды санитардык агартууну максаттуу түрдө жүргүзүү | Ар дайым. | Мед кызматкерлер. |
| 15 | Окуучуларга жана персоналга, ата-энелерге психологиялык колдоо көрсөтүү кызматын уюштуруу. Аярлуу топтордогу балдарга колдоо көрсөтүүнү кароо . (билим берүүдөгү өзгөчө керектөөлөрү бар балдар, майып балдар). | Ар дайым. | Соц. педагог.<br>Уюштуруучу. |
| 16 | Окуучулар, мугалимдер жана ата-энелер үчүн тиешелүү кызматтардын телефон номерлери менен маалыматтык стендди уюштуруу | Ар дайым. | Уюштуруучу .<br>Кл . жетекчи. |
| 17 | Окуучулардын физикалык аралыкты жана жеке гигиенаны сактоо эрежелерин аткаруусуна мониторинг жүргүзүү | Ар дайым. | Уюштуруучу .<br>Кл.жетекчи. |
| 18 | Окуучулар үчүн класстык сааттарды жана жеке гигиенаны сактоо боюнча ден- соолук мүнөтүн өткөрүү. | Ар дайым. | Ден-соолук комитети. |
| 19 | Окуучулар үчүн класстык сааттарды жеке гигиенаны сактоо боюнча ден-соолук мүнөтүн өткөрүү. | Ай ичи. | Уюштуруучу.<br>Кл. жетекчи. |
| 20 | Ажаткана үчүн тазалоочу инвентарды (ветошту, чакаларды,щеткаларды) ачык түстөгү оң менен маркировкалоо жана атайын бөлүнүп берилген жерде сактоо.Бардык тазалоочу инвентарды колдонгондон кийин жуучу каражаттар менен жууп тазалоо жана кургатуу. | Ар дайым. | Уюштуруучу .<br>Тех. Кызматкерлер. |
| 21 | Тамактануу столдорун жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен тазалоону тамактанганга чийин жана тамактангандан кийин камсыздоо. | Ар дайым. | Уюштуруучу .<br>Ден соолук секторлору |
| 22 | Ашкана жана тамак- аш идиштерин, ашкана приборлорун ар бир кезектеги колдонуудан кийин дезинфекциялоочу эритиндиге салуу жана андан кийин жууп тазалоо жана | Ар дайым. | Ден-соолук комитети. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | куртатуу жолу менен дезинфекциялоонун камсыздоо | | |
| 23 | Тамак -аш блогунун персоналынын жана жеке коргонуу каражаттарын колдонуу менен үйрөтүү ( [illegible] жана кол каптар) | Ар дайым | Үйрөтүүчү Ден-соолук доктору |
| 24 | Бир жолу колдонулуучу же индивидуалдык идиштерди камсыздоо [illegible] [illegible] дезинфекциялоо [illegible] режимди [illegible] | Ар дайым | Мектеп жетекчиси Ден-соолук комитети |
| 25 | [illegible] | Ар дайым | Мектеп жетекчиси Ден-соолук комитети |

Ден соолук комитетинин жетекчиси [illegible]